КВАРТАЛДЫК
ОТЧЁТ

# 2020

январь-март

БИЗНЕС-
АКЫЙКАТЧЫ
ИНСТИТУТУ
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

# Мазмуну


Бизнес-акыйкатчынын кириш сөзү 2

Ролу, милдети, мандаты 5

Команда 9

Отчёттук мөөнөттөгү иш-аракеттер 19

Даттануулардын сереби 21

Коомчулук менен байланыш 29

Пандемия COVID-19 39

II-кварталга карата мерчемдер 40

# Бизнес-акыйкатчынын саламдашуусу



## Урматтуу өнөктөштөр,

Сиздерди Бизнес-акыйкатчы Институтунун биринчи кварталдык отчётунун беттеринде Кыргыз Республикасынын биринчи Бизнес- акыйкатчысы катары куттуктоого уруксат этиңиздер.

Бизнес-акыйкатчы катары менин негизги милдетим - мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик сектордун ишканаларынын жана алардын кызмат адамдарынын иш-аракеттери же чечимдери боюнча ишкерлердин жана бизнес чөйрөсүндөгү арыздарды карап чыгуу аркылуу аныкталган ишкердик субъекттеринин укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо, ишкерлердин укуктарын бузуу учурларына чара көрүү актыларын, аларды алдын алуу жана кайталанбоосу боюнча сунуштамаларды иштеп чыгуу болуп саналат. Мындан тышкары, мамлекеттик органдардын иш-аракеттеринин жана жол-жоболорунун ачык-айкындыгын жана натыйжалуулугун жогорулатуучу системалуу сунуштарды иштеп чыгуу аркылуу коррупцияны алдын алууда чоң роль ойнойм.

Коюлган милдеттерди ишке ашырууда эки орун басарым, адистер жана административдик кызматкерлер көмөктөшөт. Биздин Институт Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө көзкаранды эмес жана азыркы учурда Европа Реконструкциялоо жана Өнүктүрүү Банкынын грантынын эсебинен каржылануда. Биз Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иштейбиз жана чынчылдык, кесипкөйлүк, ачыктык принциптерине таянабыз. Биздин арыздарды кароо боюнча кызматтарыбыз акысыз көрсөтүлөт.

Мен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 13-августундагы № 297 буйругу менен Кыргыз Республикасынын ишкердик субъекттеринин укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо боюнча ыйгарым укуктуу жак (Бизнес-акыйкатчы) болуп дайындалгам. Бизнес-акыйкатчынын орун басарлары Сергей Пономарев жана Нурлан Мусуралиев Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 9-октябрындагы № 380 буйругу менен жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 9-октябрындагы № 381 буйругу менен кызматка киришти.

Бизнес-акыйкатчы Институтунун түзүлгөнүнүн алгачкы үч айы катчылыктын кызматкерлерин кабыл алууга, Бизнес-акыйкатчынын ишинин ички Регламентин аягына чейин иштеп чыгууга, башка ички жол-жоболорду иштеп чыгууга, негизги профилдик иш-чараларга катышууга, Бизнес-акыйкатчы жөнүндө мыйзамдын долбоорун даярдоого, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, мамлекеттик органдары, бизнес жана бизнес ассоциациялардын өкүлдөрү менен өнөктөштүк мамилелерди түзүүгө, уюштуруучулук жана административдик маселелерди чечүүгө арналды.

Биздин эшигибиз биринчи арыз ээлерине 2020-жылдын февраль айынын аягында ачылган. Демек, отчёттук мезгил биздин кеңседеги жигердүү ишибиздин бир нече жумасын гана камтыйт, ошол мөөнөттө биз даттанууларды кабыл алдык. Бирок ошол бир нече жума дагы, бизнес субъектилеринин биздин кызматтарга муктаждыгы бар экендигин көрсөттү. Биз кеңсени ушул жылдын март айында расмий ачууну мерчемдеген элек, бирок COVID-19 пандемиясынан жана кийинчерээк киргизилген өзгөчө кырдаалдан жана өзгөчө абалдан улам, аралыктан иштөө тартибине өтүүгө туура келди. Ошондой болсо да, биз веб-сайт жана электрондук почта аркылуу ишкерлердин даттанууларын кабыл алуу жана иликтөө, кеңеш берүү менен ишти улanттык.

Учурдагы чаралар биздин кызматтардын жана байланыштын жеткиликтүүлүгүнө, айрым даттанууларды териштирүүгө биздин катышуубуздун жана таасир этүүнүн деңгээлине, жолугушуулардын, иш-чаралардын жана байланыштардын графигине таасирин тийгизип жаткандыгы шексиз. Пандемиянын экономикага тийгизген таасиринин чыныгы масштабы көптөгөн факторлорго, анын ичинде ишкерлерге коюлган чектөөлөрдүн узактыгына байланыштуу болот. Ошого карабастан, биз ишкерлерге дистанттык консультацияларды өткөрүп, мандатыбызга ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунуштарды жана кеңештерди киргизип жатабыз.

Ушул каатчылыктын алкагында бизнес чоң кыйынчылыктарга туш болуп, тилекке каршы, ал кыйынчылыктар пандемия аяктагандан кийин дагы уланат. Бул Бизнес-акыйкатчы Институтунун ролу мындан да актуалдуу жана олуттуу мааниге ээ болот дегенди билдирет.

Ушундай эле кварталдык жана жылдык отчёттор биздин иш-аракеттерибизди деталдуу сүрөттөп, келип түшкөн жана каралган даттануулардын статистикасын, берилген сунуштар жана аларга мамлекеттик органдардын реакциясын чагылдырып, үзгүлтүксүз жарыяланып турат.

Убакыттын өтүшү менен, ишкерлердин жана бизнесмендердин Бизнес-акыйкатчыга даттануусунун негизги себептери боюнча, экономиканын эң чоң кыйынчылыктарды баштан кечирип жаткан тармактары боюнча,ишкердик субъекттери эң көп даттанган мамлекеттик органдар боюнча, мамлекеттик органдар, жергиликтүү бийлик жана башка катышкан тараптар Бизнес-акыйкатчынын сунуштарын аткаруусунун деңгээли боюнча жетиштүү маалыматтардын көлөмүн түзүүгө мүмкүндүк болот.

Бул ошондой эле мыйзамдардагы карама-каршылыктарды жоюуга, бизнес жүргүзүүнүн шарттарын жөнөкөйлөтүүгө, үзүрлүү мамлекеттик-жеке диалогду өнүктүрүүгө, экономикалык чөйрөдөгү коррупциялык тобокелдиктердин келип чыгуусунун себеп-натыйжалаш байланыштарын жана түпкү көйгөйлөрүн аныктоого багытталган сунуштамаларды иштеп чыгуу жана киргизүү менен, бизнес жана инвестициялык климатты жакшыртууга жана өлкөнүн экономикалык өнүгүүсүнө өбөлгө түзүүгө мүмкүндүк берет.

Терең урматым менен,
Кыргыз Республикасынын Бизнес-акыйкатчысы
**Робин Орд-Смит**





# Ролу, милдети жана мандаты

“Бизнес-акыйкатчы - ишкердик субъекттеринин укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо боюнча ыйгарым укуктуу адам”[1].

Бизнес-акыйкатчы мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик сектордун ишканаларынын аракеттерине (анын ичинде чечимдерине) же аракетсиздигине байланыштуу ишкердик субъекттеринин даттанууларын карайт жана ишкерлерден келип түшкөн даттанууларга жана кайрылууларга өз алдынча, эксперттик жана калыс баа берет. Көз карандысыз отчёттор жана сунуштамалар аркылуу Бизнес - акыйкатчысы Кыргызстанды бизнес жүргүзүү жана инвестициялоо үчүн уникалдуу жер катары калыптандырууда бизнестин жана мамлекеттин күч-аракеттерин бекемдейт.

Бизнес-акыйкатчы өз ыйгарым укуктарын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 31-декабрындагы “Ишкерлердин укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо боюнча ыйгарым укуктуу адам жөнүндө” №647 Токтомунун жана 2019-жылдын 3-декабрдагы Байкоочу кеңештин протоколу менен бекитилген Бизнес-акыйкатчы институтунун Регламентинин негизинде жүргүзөт.

## Милдети

- ишкерлердин кызыкчылыктарын көзкарандысыз, кесипкөй жана адилеттүү коргоо
- ишкерлердин мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына даттануулардын кароо
- мыйзамдарды өркүндөтүүгө жана мамлекеттик органдардын ишин оптималдаштырууга катышуу
- мамлекеттик органдардын ачык-айкындуулугун жогорулатуу, коррупцияны азайтуу, Кыргыз Республикасында бизнес жана инвестициялык климатты жакшыртуу

## Максаты

- бийликтин мамлекеттик жана муниципалдык органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик сектордун ишканаларынын ишиндеги ачык-айкындуулукту камсыз кылууга көмөктөшүү
- ишкердик субъекттерине алардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоого көмөктөшүү
- коррупцияны алдын алуу



[1] Ишкердик субъектилердин укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо боюнча ыйгарым укуктуу адам (Бизнес-акыйкатчы) жөнүндө Жобо - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 31-декабрындагы № 647 токтомуна тиркеме

# Принциптер




**Байкоочу кеңеш** - Бизнес-акыйкатчынын жана катчылыктын жогорку башкаруу органы болуп саналат, аны Бизнес-акыйкатчынын жана катчылыктын ишин көзөмөлдөө үчүн тараптар тобу түзүшөт





**Байкоочу кеңеш үч тараптын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнөн турат:**

| Кыргыз Республикасынын Өкмөтү | Өнүктүрүү боюнча эл аралык өнөктөштөр | Бизнес-ассоциациялар[2] |
|---|---|---|

**2020-жылы Байкоочу кеңешке киргендер:**

| Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги | Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы | туруктуу негизде: Кыргыз Республикасынын Соода-өнөр жай палатасы, Кыргыз Республикасындагы Америка Соода Палатасы, JIA Бизнес Ассоциациясы, Эл аралык Ишкерлер Кеңеши, Кыргызстандын базарлары, соода жана тейлөө чөйрөсүндөгү ишканалар ассоциациясы<br><br>ротациянын негизинде: 2020-жылдын 7-мартына чейин - Кыргыз Республикасынын бажы брокерлеринин Ассоциациясы жана Кыргызстандын Банктар Союзу, 2020-жылдын 7-мартынан тартып - Кыргыз Республикасынын Байланыш операторлорунун ассоциациясы жана Кыргызстандын Ишкерлер Союзу |
|---|---|---|

**Катчылык** - Бизнес-акыйкатчынын орун басарлары, адистер жана административдик кызматкерлер

[2] БКтин түзүмүндөгү бизнес-коомчулуктун эки өкүлү жылына бир жолу алмашат, алардын алмашуусу 2020 жылдын 7-мартында болуп өтту





# Команда

**Бизнес-акыйкатчынын тобу** - ачык атаандаштык процессинде тажрыйбасы, адискөйлүгү жана чеберчилиги үчүн тандалып, “ишкердиктин субъекттеринин укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо боюнча ыйгарым укуктуу адам”- Бизнес-акыйкатчынын үзүрлүү ишмердүүлүгүнө салым кошуучу, жалпы максаттарды жана милдеттерди көздөгөн, кесипкөй адистердин тобу.

## Бизнес-акыйкатчы Институтунун түзүмү



Байкоочу Кеңеш, эл аралык стандарттарга ылайык, Бизнес-акыйкатчынын кызмат ордуна талапкерлерди издөө жана тандоо үчүн, глобалдык издөө жана жогорку жетекчилерди жалдоо жаатында 20 жылдык тажрыйбасы бар SRI Executive (https://www.sri-executive.com/) ирландиялык рекрутинг компаниясына кайрылды.

Конкурстук тандоонун жыйынтыгы боюнча, Байкоочу кеңештин мүчөлөрүнүн бир добуштан кабыл алынган чечими боюнча, төмөнкүлөр шайланып, кийинчерээк Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилди: Бизнес-акыйкатчысы кызматына - Робин Орд-Смит, Бизнес-акыйкатчынын орун басарлары - Нурлан Мусуралиев жана Сергей Пономарев.

# Башка позицияларга талапкерлерди тандоо

Бизнес-акыйкатчы уюмдун башка бош кызмат орундарына талапкерлерди тандоодо, Институттун ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары боюнча тажрыйбасы, билгичтиги жана чеберчилиги бар, Институттун ишмердүүлүгүн ийгиликтүү жүзөгө ашырууга салым кошууга жана өзүнүн кесиптик өсүшүн жана өнүгүүсүн улантууга жөндөмдүү адистердин жогорку кесипкөй командасын түзүүнү максат кылган.

Талапкерлерди объективдүү тандоо үчүн Бизнес-акыйкатчы талапкерлердин компетенттүүлүгүнүн деңгээлин, кесипкөйлүгүн жана тажрыйбасын, аналитикалык жөндөмүн, уюмдун ишинин маңызын түшүнүүсүн, мотивация деңгээлин, баарлашуу чеберчилигин жана биргелешип иштөө мүмкүнчүлүгүн баалаган тандоо комиссиясын түздү. Эң жогорку балл алган талапкерлер аңгемелешүүгө чакырылды.

Комиссия аңгемелешүү учурунда белгилүү кызмат ордун көздөп келген талапкерлердин компетенттүүлүгүнө жана көндүмдөрүнө баа берди. Бардык талапкерлерге бирдей тандоо критерийлери колдонулду, акыркы рейтинг тандоо комиссиясынын бардык мүчөлөрү тарабынан берилди. Эң жогорку рейтинги бар талапкер Бизнес-акыйкатчы командасына кошулуу сунушун алды, аңгемелешүүнүн жыйынтыгында мындай чакырууну албай калган талапкерлер тандоого катышкандыгы боюнча кесипкөй пикир алышты.

**Төмөнкү бош кызмат орундарын ээлөөгө сынак жарыяланган:**

| | |
|---|---|
| Адис | 4 штат бирдиги |
| Коомчулук менен байланыш боюнча адиси | 1 штат бирдиги |
| IT адиси | 1 штат бирдиги |
| Кеңсе-менеджер | 1 штат бирдиги |
| Бизнес-акыйкатчынын жеке жардамчысы | 1 штат бирдиги |
| Административдик жардамчы | 1 штат бирдиги |
| Айдоочу | 1 штат бирдиги |





**Кызыккан талапкерлердин жарыяланган позицияларга карата статистикасы:**

| Позиция | Берилген резюмелердин саны | Интервьюга чакырылгандардын саны |
|---|---|---|
| Адис | 94 | 16 |
| Коомчулук менен байланыш боюнча адис | 29 | 3 |
| IT-адис | 14 | 4 |
| Офис-менеджер | 22 | 6 |
| Бизнес-акыйкатчынын жеке жардамчысы | 58 | 5 |
| Административдик жардамчы | 56 | 5 |
| Айдоочу | 55 | 4[3] |

Сынактын жыйынтыгы боюнча Комиссия тарабынан төмөнкү талапкерлер тандалып, аларды Бизнес-акыйкатчы бекитти:

- Саткын Бекетаева - адис;
- Айсанат Сафарбек кызы - адис;
- Ислан Джусупбаев - адис:
- Салия Борбиева – коомчулук менен байланыш боюнча адис;
- Болот Турсалиев - IT-адис;
- Эркеайым Адикова - кеңсе-менеджер;
- Бермет Аликеева – бизнес-акыйкатчынын жеке жардамчысы;
- Айдай Шишкараева – административдик жардамчы;
- Владимир Галкин - айдоочу.

Ошентип, бүгүнкү күндө Бизнес-акыйкатчынын тобу 12 адамдан турат жана “адис” - деген дагы бир вакансияны кошпогондо, дээрлик толугу менен түзүлдү. Өзгөчө абал режими аяктагандан кийин ал позицияга да конкурс өтөт.

[3] Алардын ичинен чакырылган 1 талапкер интервьюга келген жок



## РОБИН ОРД-СМИТ

Бизнес-акыйкатчы

Робин мырзанын 30 жылдык кесиптик тажрыйбасы Алжир, Румыния, Малайзия, Германия, Жапония, Ирак жана Тонга дипломатиялык жана соода миссияларын камтыйт. Улуу Британия жана Түндүк Ирландия Бириккен Королдугунун улуу даражалуу королевасынын Тажикстандагы мурунку элчиси, Улуу Британия жана Түндүк Ирландия Бириккен Королдугунун улуу даражалуу королевасынын Кыргызстандагы мурунку элчиси, Улуу даражалуу Йорк герцогунун мурунку жеке катчысы.

Эл аралык рыноктордо ири бизнестин соода-өнөр жай жана коммерциялык кызыкчылыктарын илгерилетүү боюнча миссиялар менен кампанияларга жетекчилик кылган, ири инвестицияларды тартуу жаатында чоң тажрыйбага ээ.

2019-жылдын август айынан – Кыргыз Республикасынын Бизнес-акыйкатчысы – ишкердик иштин субъектилеринин укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо боюнча ыйгарым укуктуу адам



## МУСУРАЛИЕВ НУРЛАН ЖОЛДОШБЕКОВИЧ

Бизнес-акыйкатчынын орун басары

Акыркы 8 жыл Нурлан Жолдошбекович Кыргыз Республикасынын Соода-өнөр жай палатасынын вице-президенти болуп эмгектенди. Мамлекеттик-жеке менчик диалогду бекемдөө, бизнес жүргүзүү үчүн шарттарды жакшыртуу, ишкерлердин кызыкчылыктарын коргоо жана соода-экономикалык мамилелерди өнүктүрүү жаатында активдүү иш алып барды.

Мурда мамлекеттик, жеке менчик жана акционердик типтеги “Кыргызалко” МАК, КБСЗ “Кристалл”, “Столичный КК” АК ж.б. ишканаларда башкы директор жана башкы директордун орун басары кызматтарында эмгектенген.

КР Өкмөтүнө караштуу Бизнести өнүктүрүү жана инвестициялар боюнча кеңештин, КР Жогорку Кеңешинин Төрагасынын алдындагы Бизнести жана ишкердикти өнүктүрүү кеңешинин, КР Өкмөтүнө караштуу Антикоррупциялык кеңештин активдүү мүчөсү. Ишкердик ишин жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актыларды иштеп чыгууга активдүү катышкан.

2019-жылдын ноябрь айынан тартып – Кыргыз Республикасынын Бизнес-акыйкатчынын орун басары







## ПОНОМАРЕВ СЕРГЕЙ ВАСИЛЬЕВИЧ

Бизнес-акыйкатчынын орун басары

Мурда Сергей Васильевич Кыргызстандын Улуттук ишкердик клубунун президенти, КР рыноктору, соода ишканалары жана кызмат чөйрөлөрүнүн ассоциациясынын президенти, Такси операторлору жана ташуучуларынын ассоциациясынын президенти, “Дордой” соода-рынок комплексинин ишкерлеринин бириккен профсоюздук комитетинин төрагасы, КР премьер-министринин ыктыярдуу кеңешчисинин кызматтарын аркалаган. Бизнес Ассоциациялардын Улуттук Альянсынын (БАУА) Катчылыгын жетектеген.

Сергей Васильевич БАУА, КР рыноктору, соода ишканалары жана кызмат чөйрөлөрүнүн ассоциациясын, Улуттук ишкердик клубун түзүү боюнча демилгечилердин катарына кирет. 2013-жылдан бери Антикоррупциялык саясаттын мамлекеттик стратегиясын ишке ашырууну көзөмөлдөө боюнча КР Коопсуздук Кеңешинин жумушчу тобунун мүчөсү.

Ишкердик, бизнести коргоо жана бийлик органдарында ишкердиктин кызыкчылыктарын илгерилетүү, ошондой эле ченемдик-укуктук актыларды иштеп чыгуу, бизнес-регулятордорду оптималдаштырууда жөнгө салуучу таасирди анализдөө практикасын колдонуу, мамлекет, бизнес жана калктын кызыкчылыктарынын балансын теңдештирүү чөйрөлөрүндө чоң тажрыйбага ээ. 2019-жылдын ноябрь айынан тартып - КР Бизнес-акыйкатчынын орун басары



## САТКЫН БЕКЕТАЕВА

Адис

Саткын мыйзам чыгаруу саясаты, жөнгө салуучу практика, коммерциялык жана корпоративдик укук тармагында эксперт. Ал документтерди укуктук экспертизалоо, юридикалык жана аналитикалык корутундуларды даярдоо, натыйжалуулугу жана карама-каршылыктары боюнча Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдарын анализдөө боюнча чоң тажрыйбага ээ.

10 жылга жакын убакыт бою Kalikova & Associates ишканасында эмгектенип, чет өлкөлүк жана жергиликтүү инвесторлорго мамлекеттик органдар менен байланышкан маселелер кошулуп, юридикалык кеңештерди берип, укуктук колдоо көрсөтүп келген. Ошондой эле Саткын Кыргызстандын бизнес чөйрөсүнүн өнүгүүсүнө тоскоолдук жараткан маселелерди чечүүгө багытталган эл аралык долбоорлордагы көз карандысыз консультант болуп иштеген.

Саткын Бекетаева Кыргыз-Россия Славян университетин артыкчылык менен бүтүрүп, Uppsala University (Швеция) университетинен укук магистри жана Saint Louis University School of Law (США) мектебинен укук магистри даражасын алган



## АЙСАНАТ САФАРБЕК КЫЗЫ

Адис

Айсанат олуттуу тажрыйбага ээ юрист жана юридикалык кеңеш берүүлөр гана эмес, салык органдары, бажы органдары, финансы полициясы (ЭККМК), Башкы прокуратура, өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитети, бардык инстанциялардагы сот органдары ж.б. менен кызматташуу кошулуп, ар түрдүү чөйрөлөрдө иш тажрыйбасына ээ. 2019-жылдын башынан бери Айсанат мыйзам жаратуу процессине активдүү катышып келет.

Кыргыз Республикасынын Бизнес-акыйкатчы Институтуна киргенге чейин Айсанат Grata International эл аралык юридикалык фирмада эмгектенип, 8 жыл бою жергиликтүү жана эл аралык корпорацияларга, финансы институттарына, банктар, корпорациялар, эмгек, салык жана бажы мыйзамдарына тиешелүү маселелер боюнча кеңеш берип келген. Айсанаттын бүтүмдөрдү түзүү жана коштоо чөйрөсүндө тажрыйбасы чоң.

Айсанат Борбордук Азиядагы Америка университетин артыкчылык менен аяктаган



## ИСЛАН ДЖУСУПБАЕВ

Адис

Ислан ишкердик жана инвестициялык ишти жөнгө салуу чөйрөсүндө мыйзамдарды иштеп чыгуу боюнча олуттуу тажрыйбага ээ. Карьерасы боюнча Ислан мамлекеттик органдардын бизнес-ассоциациялар жана жеке ишкерлер менен кызматташуусуна байланышкан маселелер боюнча иш алып барган. Ишкерлердин ишмердүүлүк шарттарын жакшыртууга арналган түрдүү аянтчалардын катышуучусу, бизнес жана мамлекеттик органдардын ортосунда келип чыккан талаш-тартыштарды чечүүгө көмөктөшүү жаатында чоң тажрыйбанын ээси.

Ислан Кыргыз-Россия Славян университетинен “Эл аралык укук” адистиги боюнча юриспруденция магистринин жана Япониянын Кобе шаарынын университетинен “Экономикалык өнүгүү жана саясат” багытында магистр даражасын алган



## САЛИЯ БОРБИЕВА

Коомчулук менен байланыш боюнча адис

Салия эл аралык уюмдарда, бизнес сектордун компанияларында жана муниципалдык органдарда тышкы жана ички байланышты түзүү боюнча олуттуу тажрыйбага ээ. Ал Кыргызстанда, Борбордук Азия жана АКШ өлкөлөрүндө иштеген.

Мурда Салия БУУнун Миграция боюнча агенттигинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен бирге долбоорлорду ишке ашыруу жаатында иш алып барган, Бишкек шаарынын мэриясына караштуу коомчулук менен байланыш департаментин жана жарнама департаментин жетектеген, “Газпром нефть-Кыргызстан” ишканасынын, “Эксперт” консалтингдик агенттигинин маркетинг бөлүмүн жетектеген, “Бител” (ТМ Билайн) уюлдук операторунун тышкы байланыштарын түзүү боюнча кызмат аткарган. Салия Борбиева Кыргыз-Россия Славян университетинин бүтүрүүчүсү



## БОЛОТ ТУРСАЛИЕВ

IT-адис

Маалыматтык технологиялар жаатында, бизнес-секторду, эл аралык уюмдардын долбоорлорунда, IT-инфраструктурасы жана уюмдун ресурстарды башкаруу тутумдарынын компоненттери боюнча чечимдерди ишке ашыруу боюнча долбоорлорду башкарууда ар тараптуу тажрыйбага ээ. Ал KAZ Minerals Bozymchak тоо-кен иштетүүчү фабрикасын ишке киргизүү боюнча инвестициялык долбоордо IT инфраструктурасын жана бизнес тутумдарын ишке ашыруу боюнча долбоорлорду жетектеген, Кыргызстандагы микрофинансылык секторду өнүктүрүү боюнча эл аралык уюмдардын долбоорлорунда иштеген



## ЭРКЕАЙЫМ АДИКОВА

Кеңсе-менеджер

Буга чейин ал Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу ишкер чөйрөнү жана инвестициялык климатты жакшыртуу боюнча мамлекеттик органдар үчүн сунуштарды иштеп чыгууну жана даярдоону камсыз кылган консультативдик-кеңеш берүүчү, Бизнести өнүктүрүү жана инвестиция боюнча Кеңештин катчылыгында иштеген. Административдик жана оперативдик процesстерди, анын ичинде адам ресурстарын башкаруу, документ жүгүртүү, каржылык отчёттуулук, ар кандай деңгээлдеги жана масштабдагы жолугушууларды, иш-чараларды уюштуруу жана оптималдаштыруу боюнча тажрыйбасы бар. Мамлекеттик-жеке диалогду өркүндөтүү боюнча долбоорлорго катышуу демилгелөө, уюштуруу тажрыйбасы бар. Кыргыз Мамлекеттик Улуттук университетин артыкчылык диплому менен аяктаган



## БЕРМЕТ АЛИКЕЕВА

Бизнес-акыйкатчынын жеке жардамчысы

Эл аралык чөйрөдө жогорку деңгээлдеги менеджер-жетекчилерди колдоо, административдик процесстерди жөнгө салууга жана натыйжалуу ички коммуникацияга басым жасоо боюнча чоң тажрыйбага ээ. Буга чейин ал Борбор Азия Университетинин Борбордук административдик кеңсесинде Ага Хан өнүктүрүү тармагынын алкагында байланышты, Orion Luxury Boutique Hotel жана Business Center-Premium кеңселериндеги сатууларды жана маркетингди өнүктүрүп, Hyatt Hotels Corporation корпорациясынын башкы директоруна жана маркетинг коммуникация директоруна административдик колдоо көрсөтүп келген. Борбордук Азиядагы Америка университетинин бүтүрүүчүсү







## АЙДАЙ ШИШКАРАЕВА

Административдик жардамчы

Эмгек жолун Дүйнөлүк Банктын Кыргыз Республикасындагы кеңсесинде, Sky Mobile (TM Beeline) жана “Банктар аралык процессинг борборунда” административдик тажрыйба менен баштаган. Ал фандрайзинг, кайрымдуулук иштерине жана социалдык жактан аялуу топторго жардам берүү үчүн ыктыярдуу иш-аракеттерди жайылтууга активдүү катышкан. Илимий долбоорлордо статистикалык маалыматтарды иштеп чыгуу тажрыйбасы бар. Борбордук Азиядагы Америка Университетин “Психология” жана “Бизнести башкаруу” адистиги боюнча аяктаган



## ВЛАДИМИР ГАЛКИН

Айдоочу

Эл аралык каржы корпорациясынын, Европа Реконструкциялоо жана өнүктүрүү Банкынын, Кыргыз Республикасындагы Улуу Британиянын элчилигинин жана башка эл аралык уюмдардын кеңселеринде айдоочу катары 13 жылдык тажрыйбасы бар. Биринчи жардам көрсөтүү көндүмдөрүнө ээ. Кыргыз-Россия Славян университетинин “Транспорттук ташууну уюштуруу жана транспортту башкаруу” бөлүмүн аяктаган





# Отчёттук мөөнөттөгү иш-аракеттер

2020-жылдын биринчи айлары Институттун ачылышына байланыштуу уюштуруучулук, административдик жана техникалык маселелерге арналды.

**Февраль**

**20** — 2020-жылдын 20-февралында катылык толук түзүмү менен “Виктори” бизнес борборундагы Бизнес-акыйкатчы Институтунун кеңсесинде өз функционалдык милдеттерин аткара баштады

**28** — Адистердин кеңешин алууну каалаган даттануу менен келген ишкерлер жана бизнес өкүлдөрү үчүн, Институттун эшиги 28-февралда ачылды. Бул күнү Институттун адистери ишкерлерге даттанууларды берүүнүн жана кароонун тартиби, ал боюнча тиешелүү документтерди топтоо, даттанууларды квалификациялоо критерийлери боюнча кеңештерди бериштi. Бизнес-акыйкатчы жана анын орун басарлары даттануунун эрежелери жөнүндө Институттун кеңсесине келген биринчи ишкерлер менен жеке сүйлөштү

**Март**

**2** — Биринчи даттануу 2020-жылдын 2-мартында Бизнес-акыйкатчы Институтуна расмий түрдө келип түшкөн

**5** — 5-мартта Институттун кеңсесинде Байкоочу кеңештин мүчөлөрү үчүн жолугушуу өтүп, анда кызматкерлер расмий тааныштырылып, ошондой эле Институттун брендингинин жана веб-сайтынын бет ачары уюштурулду

Ошол мезгилде Институт Байкоочу кеңештин мүчөлөрүн, мамлекеттик органдарды жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын, бизнес-коомчулукту жана ассоциацияларды, ЖМК өкүлдөрүн жана башка кызыкдар тараптарды чакыруу менен расмий ачылыш мерчемдеген. Бирок, COVID-19 пандемиясынын жайылышы жана андан кийинки өзгөчө абал жарыяланышы менен, бул иш-чара үзгүлтүккө учурады.

Өлкөдө эпидемиологиялык абалдын начарлашына байланыштуу, Өкмөттүн вирустун жайылышын ооздуктоо боюнча сунуштарына ылайык, уюмдун кызматкерлеринин ден-соолугун жана коопсуздугун сактоо максатында, Бизнес-акыйкатчы аралыктан иштөө режимине өтүүнү чечти. 18-марттан баштап Институт аралыктан иштөө форматына өтүп, ишкердик субъекттерине кеңеш берүү, даттанууларды кабыл алуу www.boi.kg веб-сайты аркылуу болду.





# Даттануулар

## Даттанууларды кабыл алуу критерийлери

Эгерде:

- Даттануу мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик сектордун ишканаларынын, ошондой эле алардын кызмат адамдарынын аракеттерине (чечимдерине) жана аракетсиздигине болсо;
- Даттануу сот же арбитраждык сот өндүрүшүнүн териштирүү процессинде эмес же даттануунун предметине соттун чечими же башка ушул сыяктуу чечим чыккан эмес, ошондой эле даттануу кандайдыр бир соттун чечимдеринин, токтомдорунун жана аныктамаларынын мыйзамдуулугуна жана / же жүйөлүүлүгүнө байланыштуу эмес болсо;
- Ишкердүүлүк субъекти учурдагы административдик кайрылуунун жок дегенде бир ыкмасын колдонгон болсо
- Доонун эскирүү мөөнөтү (ишкердик субъекттеринин укуктары, эркиндиктери жана мыйзамдуу таламдары бузулган күндөн тартып 1 жыл) өткөн эмес болсо;

Бизнес-акыйкатчы Институту ишкердик субъекттеринин арыздарын карайт.

## Бизнес-акыйкатчы институту тарабынан карала турган арыздардын критерийлери

Сиз мамлекеттик органга, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органына, мамлекеттик сектордун ишканасына же кызмат адамына карата арыз менен кайрылып жатасызбы?

Сиздин арызыңыздын көйгөйү соттук/арбитраждык териштирүү процессиндеби же ал боюнча соттук/арбитраждык чечим кабыл алынды беле?

Сиздин укуктарыңыз, эркиндиктериңиз же мыйзамдуу кызыкчылыктарыңыз бузулган учурдан бери бир жыл өттүбү?

Сиз жок дегенде бир инстанцияга административдик даттануу менен кайрылуу мүмкүнчүлүгүн колдондуңузбу?

**Сиздин өтүнмөңүз Бизнес-акыйкатчы Институтунун критерийлерине туура келет**



# Келип түшкөн даттануулардын саны

Отчёттук мезгил аралыгында (2020-жылдын 28-февралынан 31-мартына чейин) Бизнес-акыйкатчысына бизнес субъекттеринен 17 даттануу келип түшкөн, алардын ичинен:




**8 даттануу (47%)** алдын-ала баалоо жол-жобосунан өтүп, учурда каралууда. Бир даттанууну кароо Бишкек шаарынын аймагында өзгөчө абал режими киргизилгендигине жана арыз ээсинин маселесин кароо үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тарабынан көчмө комиссияны уюштуруу мүмкүн эместигине байланыштуу токтотулган

**9 даттануу боюнча (53%)** алдын-ала баалоодон кийин, Регламент эрежелеринде белгиленген критерийлерге жооп бербегендигине байланыштуу, аларды андан ары кароосуз калтыруу чечими кабыл алынды

# Даттанууну берүү ыкмасы

Негизинен даттанууларды жеке түрдө кеңсеге жеткирүү - 59%, электрондук почта аркылуу - 6%, ал эми өзгөчө абал киргизилгенден кийин www.boi.kg сайты аркылуу берүү тенденциясы байкалууда - 35%.








# Ишкерлерден келип түшкөн даттануулардын географиясы




# Экономиканын тармактары

Даттануулар экономиканын төмөнкү тармактарынан келип түшкөн:




| | |
|---|---|
| Соода | 35% |
| Тейлөө кызматтары | 23% |
| Тоо-кен тармагы | 6% |
| Айыл чарбасы | 6% |
| Жеңил өнөр жай | 6% |
| Каржылоо кызматтары | 6% |
| Билим берүү | 6% |
| Туризм | 6% |
| Башкалар | 6% |

Даттануулар ар кандай ишкердик субъекттери, анын ичинде ири компаниялар, чакан жана орто бизнес, жеке ишкерлер жана чет элдик инвесторлор тарабынан берилген.



## Даттанууну алгачкы баалоо мөөнөтү

Отчёттук мезгил ичинде Бизнес-акыйкатчысынын даттанууну кароо же андан ары кароосуз калтыруу жөнүндө чечиминин убактысы орто эсеп менен 6,5 жумушчу күнду түзгөн. Бул даттанууну алдын-ала баалоонун Регламентинде каралган 10 күндүк мөөнөттөн 3,5 күнгө аз.

### Иш тартиби

| Пн | Вт | Ср | Чт | Пт | Сб | Вс |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 |
| 13 | 14 | 15 | 16 | 17 | 18 | 19 |
| 20 | 21 | 22 | 23 | 24 | 25 | 26 |
| 27 | 28 | 29 | 30 | 31 | | |

**Кабыл алуу чечиминин мөөнөтү**

- иш Регламенти боюнча
- орто эсеп менен
- ашыкча каралган



КВАРТАЛДЫК ОТЧЁТ | ЯНВАРЬ-МАРТ 2020

## Андан ары каралбай калган даттануулардын статистикасы

Отчёттук мезгилде келип түшкөн 17 арыздын ичинен 9 төмөнкү себептерден улам каралбай калган:




Бизнес-акыйкатчынын пикири боюнча, арыз ээси жетиштүү деңгээлде кызматташууну камсыздай албайт

даттануу Бизнес-акыйкатчынын ыйгарым укуктарына кирбейт




даттануу эскирүү мөөнөтү аяктагандан кийин берилген (ишкердик субъектинин укуктары, эркиндиктери жана мыйзамдуу кызыкчылыктары бузулган күндөн тартып 1 жыл)

даттануу соттук / арбитраждык кароодо же ал боюнча сот / арбитраждык чечим кабыл алынган



## Даттанууда ишкердик субъекттери тарабынан көтөрүлгөн негизги маселелер:



- Пайдага болгон салык, жеке киреше салыгын, КНСти жана сатуудан алынуучу салыкты, КНСтин ордун толтуруу маселелерин мыйзамсыз жана негизсиз кошумча эсептөө, салык кызматчылары тарабынан салык мыйзамдарын бирдей чечмелөөнүн жоктугу;
- мамлекеттик ишкананын / мамлекеттик органдын, ошондой эле ижаралык мамилелер боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын өркүндөтүп-жакшыртуу тармагында башкаруу тартибин бузгандыгы боюнча мыйзамсыз аракеттер;
- коомдук муктаждыктар үчүн прокуратура тарабынан жерди мыйзамсыз тартып алуу аракеттери.



## Отчёттук мезгил ичинде келип түшкөн бардык арыздардын ичинен эң көп даттануулар төмөнкү аракеттер (чечимдер) жана аракетсиздиктер боюнча болгон:




| 29% | 18% | 12% | 12% |
|---|---|---|---|
| Мамлекеттик салык кызматына, анын ичинде аймактык башкармалыктарга | Башкы прокуратурага, анын ичинде аймактык бөлүмдөргө | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына | Мамлекеттик сектордогу ишканаларга |



# Коммуникациялар жана коомчулук менен байланыштар

## Даярдык иштери жана өнөктөштөр менен жолугушуулар

2019-жылы Бизнес-акыйкатчы Институтун түзүү стадиясындагы өткөрүлгөн жолугушуулардан жана иш-чаралардан тышкары, отчёттук мезгил ичинде Бизнес-акыйкатчы жана Институттун адистери бир катар жолугушууларга жана адистештирилген иш-чараларга катышышты.

### Январь

- айрым мыйзам актыларына: Кыргыз Республикасынын Салык кодексине, Кыргыз Республикасынын Мыйзам бузуулар жөнүндө кодексине, “Кыргыз Республикасынын Соода-өнөр жай палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына-өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун талкуулоо үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасынын алдындагы Бизнести жана ишкердүүлүктү өнүктүрүү боюнча Кеңештин отуруму - 20-январь, 2020-жыл;
- Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги тарабынан уюштурулган “Борбор Азияда бизнес жүргүзүү үчүн укуктук чөйрөнү өркүндөтүү” конференциясы - 23-январь, 2020-жыл.

### Февраль

- Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министри Э.Чодуев мырза менен жолугушуу - 4-февралы, 2020-жыл;
- Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун төрагасы М. Ирсалиев мырза менен жолугушуу - 5-февралы, 2020-жыл;
- Бизнести өнүктүрүү жана инвестициялар боюнча Кеңештин отуруму - 6-февралы, 2020-жыл;
- Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу өнөр жай жана ишкердүүлүктү өнүктүрүү Комитетинин жыйыны - 12-февралы, 2020-жыл;
- Эл аралык ишкерлер кеңешинин Кыргызстандын сот-укуктук реформасынын алкагында экономикалык ишмердүүлүктүн укук колдонуу практикасы боюнча эксперттик талкуусу - 13-февралы, 2020-жыл;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматынын төрагасы А.Торутаев мырза менен жолугушуу - 14-февралы, 2020-жыл;

- Кыргыз Республикасынын Президенти менен жолугушуу - 18-февралы, 2020-жыл;
- Кыргыз Республикасынын Америка Соода-өнөр жай палатасынын мүчөлөрү менен жолугушуу - 21-февралы, 2020-жыл;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын Соттук реформа бөлүмүнүн башчысы жана эксперттик топ менен “Жаңы кодекстердин алкагында экономикалык иштерге байланыштуу укук колдонуу практикасы” деген темада бизнес жолугушуусу - 21-февралы, 2020-жыл;
- Ишкердик чөйрөнү мыктылоого арналган, Бишкек шаарынын прокуратурасы уюштурган ишкерлер менен жолугушуу - 26-февралы, 2020-жыл.

## Февраль

**4-февралы 2020-жыл**



Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация Министрлигинин өкүлдөрү менен жолугушуу

**4-февралы 2020-жыл**



Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация Министри Э. Чодуев мырза менен жолугушуу

**5-февралы 2020-жыл**



Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун төрагасы М. Ирсалиев мырза менен жолугушуу





**12-февралы 2020-жыл**



Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүү боюнча Улуттук кеңештин алдындагы Кыргыз Республикасынын өнөр жайын жана ишкердүүлүктү өнүктүрүү Комитетинин жыйыны



Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүү боюнча Улуттук кеңештин алдындагы Кыргыз Республикасынын өнөр жайын жана ишкердүүлүктү өнүктүрүү Комитетинин жыйыны

**13-февралы 2020-жыл**



Бизнести өнүктүрүү жана инвестиция боюнча Кеңештин жыйыны



Бизнести өнүктүрүү жана инвестиция боюнча Кеңештин жыйыны

**14-февралы 2020-жыл**



Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматынын төрагасы А.Торутаев мырза менен жолугушуу



Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматы менен болгон жолугушууда

**18-февралы 2020-жыл**



2020-жылдын 18-февралында Кыргыз Республикасынын Президенти менен жолугушуу болуп, анда тараптар ишкердик субъекттеринин укуктарын жана эркиндиктерин коргоо тутумун өркүндөтүү чаралары боюнча пикир алышты. Мамлекет башчысы негизги көйгөйлөрдүн бири ишкерлердин жана фискалдык, укук коргоо органдарынын ортосунда натыйжалуу координациянын жоктугун, буга байланыштуу бизнес коомчулугу Кыргызстандагы ишкердик климаттын начарлашына жана өлкөдөн инвестициялардын агып кетишине тынчсызданганыгын белгиледи. Президент Бизнес-акыйкатчынын тажрыйбасы инвестицияларды коргоонун натыйжалуу механизмдерин түзүүгө, ишкерлердин ишенимин арттырууга жана мамлекеттик органдар менен бирге бизнес кызыкчылыктарын коргоого жардам берет деген ишенимин билдирди

**21-февралы 2020-жыл**



Бизнес-акыйкатчынын орун басары С.Пономарев жана адис Сафарбек К.Айсанат КРсынын Президентинин Аппаратынын сот реформасы бөлүмүнүн башчысы жана ишкерлер менен жолугушууда

## Март

**6-марты 2020-жыл**

ишкер чөйрөнү мыктылоого арналган, Чүй прокуратурасы тарабынан уюштурулган ишкерлер менен жолугушуу

**11-марты 2020-жыл**

эл аралык ишкерлер Кеңеши тарабынан уюштурулган сот реформасын өзгөртүү боюнча бизнес сунуштарга арналган эксперттик жолугушуу

**20-марты 2020-жыл**

бизнес чөйрөсүн колдоого жана COVID-19 пандемиясынын терс экономикалык кесепеттерин азайтууга багытталган иш-чараларды талкуулоо үчүн Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин бизнес коомчулугунун жана мамлекеттик органдардын өкүлдөрү менен Тегерек Стол





КВАРТАЛДЫК ОТЧЁТ | ЯНВАРЬ-МАРТ 2020

# Аймактык иш сапарлар

Бизнес-акыйкатчынын ыйгарым укуктарын жайылтуу максатында, 2020-жылдын 25-февралынан тарта Бизнес-акыйкатчы Институтунун ачылышы жана арыздарды берүү эрежелери жөнүндө коомчулукка маалымдоо максатында, Бизнес-акыйкатчы орун басарлары жана адистер менен биргеликте бир катар аймактарга иш сапарларды уюштурушту. Мамлекеттик органдар жана бизнес өкүлдөрү менен өнөктөштүк мамилелерди түзүү жана Институтту аймактарда жайылтуу үчүн төмөнкү сапарлар өткөрүлдү:

## Февраль

**Баткен шаары, 25-февралы 2020-жыл**

Баткенге болгон иш сапарында Бизнес-акыйкатчы бир катар жолугушууларды өткөрдү, анын ичинде Өкмөттүн Баткен областындагы ыйгарым укуктуу өкүлү А. Абдрахманов мырза, Баткен областынын прокурору А. Халмурзаев мырза, ишкерлер жана региондун бизнес чөйрөсүнүн өкүлдөрү менен жолугушуу болду. Ишкерлер менен жолугушууда Институттун өкүлдөрү региондогу бизнестин көйгөйлөрү менен таанышып, уюмдун мандаты, ролу жана багыты, институтта каралып жаткан даттанууларды критерийлери жана аларды берүүнүн жолдору менен тааныштырышты.



Өкмөттүн Баткен областындагы ыйгарым укуктуу өкүлү А.Абдрахманов мырза менен жолугушуу



Баткен областынын прокурору А. Халмурзаев мырза менен жолугушуу



Баткен шаарынын бизнес коомчулугу менен жолугушуу

**Ош шаары, 26-февралы 2020-жыл**



Ош областы боюнча Өкмөттүн ыйгарым укуктуу өкүлү Жылкыбаев У. мырза менен жолугушуу

Ош шаарына болгон иш сапарынын алкагында Бизнес-акыйкатчы Өкмөттүн Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү У.Жылкыбаев мырза, Ош муниципалитетинин башчылары, аймактын бизнес чөйрөсүнүн өкүлдөрү менен жолугушууларды өткөрдү.

Ишкерлер менен болгон жолугушууда катышуучулар аймактагы бизнестин актуалдуу көйгөйлөрүн талкуулашты, Институттун өкүлдөрү уюмдун мандатын жана каралып жаткан даттануулардын критерийлерин сунуш кылышты.



Ош шаарынын ишкерлери менен жолугушуу



Ош шаарынын вице-мэри С.Турдуев мырза менен жолугушуу

## Март

**Нарын шаары, 4-марты 2020-жыл**



Нарын областынын губернатору Алымкулов Э. мырза менен жолугушуу

Нарын шаарына болгон иш сапарынын алкагында Бизнес - акыйкатчы Нарын областынын губернатору Э.Алымкулов мырза, Нарын областынын прокурорунун орун басары Р.Нурмаматов мырза менен, областтын ишкерлери менен жолугушуу өткөрүп, анда Институттун ролу жана милдети, мамлекеттик органдарга, жергиликтүү бийлик органдарына болгон бизнес өкүлдөрүнүн даттанууларынын критерийлери жана кароого кабыл алынган арыздарды берүү жолдору жөнүндө айтып берди.



КВАРТАЛДЫК ОТЧЁТ | ЯНВАРЬ-МАРТ 2020

**Нарын шаары, 4-марты 2020-жыл**



Нарын областынын прокурорунун орун басары Р. Нурмаматов менен жолугушуу



Нарын областынын бизнес-коомчулугу менен жолугушуу

**Каракол шаары, 11-марты 2020-жыл**

Жумушчу сапарынын алкагында Каракол жана Чолпон-Ата шаарында Институттун өкүлдөрү муниципалитеттин башчылары жана шаарлардын жана областтын ишкерлери менен жолугушууларды өткөрүштү. Институттун өкүлдөрү институттун ролу жана милдети, каралып жаткан даттануулардын критерийлери, аларды берүүнүн жолдору, ишкердүүлүктүн жана бизнес чөйрөнүн актуалдуу көйгөйлөрүн талкуулашты.



Каракол шаарынын ишкерлери менен жолугушуу

**Чолпон-Ата шаары, 12-марты 2020-жыл**



Бизнес-акыйкатчынын орун басары Н.Мусуралиев мырза Чолпон-Ата шаарынын мэри Т.Сарбагышев мырза менен жолугушууда



Чолпон-Ата шаарынын ишкерлери менен жолугушуу

# Брендинг жана илгерилетүү

2020-жылдын биринчи кварталында Бизнес-акыйкатчы Институтунун брендин жана позицияларын түзүү үчүн уюмдун логотиби жана корпоративдик идентификациясы иштелип чыккан.

БИЗНЕС-АКЫЙКАТЧЫ ИНСТИТУТУ

BUSINESS OMBUDSMAN INSTITUTE

ИНСТИТУТ БИЗНЕС-ОМБУДСМЕНА

Институттун www.boi.kg сайты ачылды. Сайт үч тилде иштейт: кыргыз, англис жана орус. Иштей баштагандан бери сайтка күнүнө 30дан 190го чейин уникалдуу адам кирүүдө.

Ишкерлердин Бизнес-акыйкатчыга даттануулары үчүн сайт негизги канал болуп саналат. Даттануу үчүн, бизнес өкүлдөрү атайын форманы толтуруп, даттануусунун маңызын жазып, керектүү документтерди тиркөөгө тийиш (http://boi.kg/complaint/).

Facebook (554 катталуучу), Twitter (265 катталуучу) жана LinkedIn социалдык тармактарында @BOIKyrgyzstan баракчалары түзүлгөн. Социалдык тармактарда аудиторияны көбөйтүү иштери жүрүп жатат.

**2020** январь-март

**2** радио берүүлөр

**34** отчёттук мезгил ичинде жарыяланган медиа материалдарынын саны

**22** он-лайн басылмалардагы жарыялар

**10** телевизиондук сюжеттер жана интервью

**1** атайын адистештирилген басылмага интервью (КРсындагы Америка соода палатасынын жылдык журналы)





### Бизнес-акыйкатчы менен болгон маектешүүлөрдүн тизмеси:

- Akchabar атайын адистештирилген басылмага интервью

  https://www.akchabar.kg/ru/article/business/na-strazhe-prav-predprinimatelej-v-bishkeke-v fevrale-nachne/



- "Ала-Тоо 24" каналынын таңкы "Деловой завтрак" программасында түз эфир

  https://youtu.be/o5WVxJ9klkw




- НТС каналындагы "Реальная экономика" программасынын алкагында маектешүү

  https://youtu.be/HmtPd-xa9Qg



### Уюштурулган бирок, пандемияга байланыштуу обого чыкпаган маектер:

- "Спутник" радиосуна интервью
- Capital.kg басылмасына интервью

COVID-19 пандемиясынын шартында ишкерлерге жардам берүү үчүн Институттун адистери атайын 2 материал даярдашты: "Өзгөчө абал: Коронавирус пандемиясынын жана ага каршы мамлекет тарабынан көрүлгөн чектөөчү чаралардын шартында ишкерлер кантип тобокелдиктерди азайта алышат?" жана "Ишкерлер өзгөчө абал шартында мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү бийлик органдарына кандайча кайрыла алышат?". Эки материал тең ишкердик чөйрө жана маалымдоо каражаттары тарабынан жогорку кызыгууга жана баалоого татыды.






# Пандемия COVID-19

Өлкөдөгү эпидемиологиялык кырдаалдын начарлашына байланыштуу жана уюмдун кызматкерлеринин жана кеңсеге келген меймандардын ден-соолугун жана коопсуздугун сактоо максатында, 18-марттан тартып Бизнес-акыйкатчы Институту аралыктан иштөө режимине өттү. Ишкердик субъекттеринин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо боюнча өзүнүн мандатын ишке ашырууну улантуу максатында, Институт www.boi.kg сайты аркылуу кеңештерди берип жана ишкерлерден даттанууларды ала баштады.

2020-жылдын 25-мартында Бишкек, Ош, Жалал-Абад шаарларында, Ош областынын Ноокат, Кара-Суу райондорунун жана Жалал-Абад областынын Сузак районунун аймагында өзгөчө абал режими киргизилген. Жаңы шарттарга карабастан, Бизнес-акыйкатчынын тобу арыздарды аралыктан кабыл алууну жана кароону улантты.

Өзгөчө абалга байланыштуу киргизилген ишмердүүлүккө болгон чектөөлөр бизнеске жана жалпы өлкө экономикасына эбегейсиз зор таасирин тийгизүүдө. Буга байланыштуу Бизнес-акыйкатчысы ишкерлерди колдоого багытталган бир катар чараларды кабыл алды:

1. COVID-19 пандемиясынын өлкө жана бизнеске болгон терс экономикалык кесепеттерин азайтуу үчүн, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү каатчылыкка каршы биринчи мерчемин даярдады. 2020-жылдын 17-мартында Бизнес-акыйкатчысы ишкерлер жана бизнес өкүлдөрү үчүн фискалдык жана административдик жеңилдетүүлөрдү берүү, отчёттуулуктун ар кандай формаларын белгиленген мөөнөтүнөн кийинкиге калтыруу, ишкерлерди жана бизнести финансылык жана башка колдоо боюнча сунуштоо жана чараларды иштеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө киргизүү менен бул процесске өз салымын кошту. Айрым сунуштар кабыл алынып, Өкмөттүн каатчылыкка каршы чараларынын 1 -жана 2- пакетине киргизилген;

2. 2020-жылдын 26-мартында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө жана COVID-19 Республикалык штабына, күнүмдүк керектелүүчү товарларды өткөрүү пункттарынан өтүү жол-жоболорун жөнөкөйлөштүрүү, ошондой эле жогоруда аталган товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү коштоп жүргөн коммерциялык компаниялардын кызматкерлеринин блокпосттон өтүү жол-жоболорун жөнөкөйлөтүү боюнча сунуш жөнөтүлгөн;

3. 2020-жылдын 27-мартында жалпы маалымат каражаттарында, коронавирус пандемиясынын жана ага каршы мамлекет тарабынан көрүлүп жаткан чектөө чаралары шартында ишкерлер тобокелдиктерди кантип азайта алаары тууралуу, макала даярдалган жана жарыяланган;

4. 2020-жылдын 6-апрелинде жалпы маалымат каражаттарында ишкерлердин мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кайрылуу, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүүөз алдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга жетүү укуктары жөнүндө макала жарыяланган;

5. 2020-жылдын 15-апрелинде Бизнес-акыйкатчы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө Кыргыз Республикасынын ишкерлерине мамлекет тарабынан көрсөтүлгөн иш-чараларды жаңыртууга жана оптималдаштырууга, ишкерлерди колдоо боюнча каатчылыкка каршы чаралардын экинчи топтомуна киргизүүгө багытталган кошумча сунуштарды жөнөттү.





# 2020 жылдын II кварталына карата мерчемдер

Кийинки отчёттук мезгилде жана андан аркы мөөнөттө, өзгөчө абал жана өзгөчө кырдаал режими сакталып калса, Кыргыз Республикасынын ишкер чөйрөсү жаңы көйгөйлөргө туш болушу мүмкүн. Бизнес-акыйкатчы ишкердик субъектилерди колдоого багытталган, пандемиянын бизнеске жана ишмердүүлүккө тийгизген таасирин азайтууга багытталган сунуштарды иштеп чыгуу боюнча жигердүү аракеттерин улантат.

Кийинки кварталдын маанилүү маселеси - Бизнес-акыйкатчы Институту жөнүндө коомчулуктун маалымдуулугун жогорулатууну улантуу. Ушуга байланыштуу, Институттун иши жөнүндө бардык кызыкдар тараптарга маалымат берүү боюнча, Институттун мамлекеттик органдар, ишкерлер ассоциациялары жана ишкердик субъекттери менен кызматташтыгын кеңейтүү боюнча иштер улантылат.

Институт инвестициялык климатты жана ишкер чөйрөнү өнүктүрүү үчүн төмөнкү коомдук аянтчалардын ишине активдүү катышуу тажрыйбасын уланта берет:

- Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүү боюнча Улуттук Кеңештин алдындагы Кыргыз Республикасынын өнөр жайын жана ишкердүүлүктү өнүктүрүү Комитети;
- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин төрагасынын алдындагы бизнес жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча Кеңеш;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу бизнести өнүктүрүү жана инвестиция боюнча Кеңеш;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу коррупцияга каршы Кеңеш.

Бизнес-акыйкатчынын ролу жана мандаты жөнүндө ишкерлердин маалымдуулугун жогорулатуу максатында, Институт бизнес-ассоциациялар жана ишкерлер менен ар дайым жолугушууларды өткөрүп турат, аларга даттануунун критерийлери жана аларды жазуу тартиби жөнүндө маалымат берет.

2020-жылдын экинчи кварталынын негизги маселеринин бири - Институт жана анын ишмердүүлүгү жөнүндө кызыкдар тараптардын маалымдуулугун жогорулатууга багытталган түшүндүрүү иштеринин жаңы ыкмаларын киргизүү. Мисалы, Бизнес-акыйкатчы институтунун адистеринин, мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, бюджеттик сектордун ишканаларынын жана ишкерлеринин катышуусунда маалыматтык веб-семинарларды өткөрүү. Жакынкы отчёттук мезгилде Институт ишкердик субъектилеринин укуктары боюнча маалыматтык-аналитикалык макалаларды иштеп чыгуу боюнча ишти улантууну мерчемдөөдө.

**Институттун 2020-жылдын II кварталына мерчемдер:**

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 31-декабрындагы No 647 токтому менен бекитилген ишкердик субъектилеринин укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо боюнча ыйгарым укуктуу адам (Бизнес-акыйкатчы) жөнүндө жобого жана Регламентке ылайык ишкердик субъекттеринен келип түшкөн даттанууларды кабыл алуу жана кароо;
- учурдагы даттанууларды кароону аяктоо, ишкердик субъектилеринин укуктары, эркиндиктери жана мыйзамдуу кызыкчылыктары бузулгандыгы тастыкталган учурда, Бизнес-акыйкатчынын тиешелүү жоопактыларын мамлекеттик органдарга жөнөтүү, алардын аткарылышын көзөмөлдөө;
- Коррупциялык аракеттерди алдын алуу жана / же ишкердик субъектилеринин укуктарынын, эркиндиктеринин жана мыйзамдуу таламдарынын бузулушунун алдын алуу максатында мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, коомдук сектордун ишканаларынын иш-аракеттеринин ачык-айкындуулугун жогорулатуу, анын ичинде коррупция, мыйзамдардын өркүндөтүлбөгөндүгү жана туруксуздук, бизнес жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн чектеген башка тосколдуктар менен байланышкан концептуалдык маселелерди изилдөө жана аталган органдарга билдирип жеткирүү. Ишкерлерден келип түшкөн даттанууларды талдоонун негизинде бизнес чөйрөсүн жакшыртуу боюнча системалуу сунуштарды иштеп чыгуу;
- Мерчемделген жана иш жүзүндө жүзөгө ашырылган иш-аракеттерди талдоо менен Бизнес-акыйкатчы институтунун ишине ички баа берүү жана мониторинг тутумун киргизүү;
- “Бизнес-акыйкатчы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун алдыга жылдыруу;
- маалыматтык, аналитикалык жана отчёттук материалдарды жарыялоо жолу менен коомчулукту жана өнөктөштөрдү жасалып жаткан иш-чаралар менен тааныштыруу;
- аймактардагы ишкерлер жана өнөктөштөр менен жолугушууларды уюштуруу (Талас областы, Чүй областы, Ысык-Көл областы);
- катчылык адисинин бош кызмат ордун ээлөөгө конкурс өткөрүү.

European Bank for Reconstruction and Development

Кыргыз Республикасынын Бизнес-акыйкатчы Институту Европа Реконструкциялоо жана өнүктүрүү Банкынын (ЕРӨБ) Акционерлеринин Атайын Фонду тарабынан каржыланат

БИЗНЕС-
АКЫЙКАТЧЫ
ИНСТИТУТУ
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

Бизнес-акыйкатчы Институту
Кыргызстан, Бишкек шаары,
Ибраимов көчөсү 103,
"Victory" соода борбору, 2 кабат
тел. (0312) 911 330, 911 331
email: aryz@boi.kg

www.boi.kg
boikyrgyzstan